3. Мектепте окуутуунун сапатын жогорлатуу, мектептин материалдык-техникалык базасын чыңдоо, окуу китептерин толуктоо, усулдук китептер, газета журналдар менен камсыздоо боюнча иш-чаралар иштелип ата-энелер тарабынан колдоо көрсөтүлсүн.

4. Окуу китептерди толуктоо, журнал газеталарга китепканага тиричиликтерге-жазылууга, усулдук китептердин, кошумча окуу китептерди сатып алуу менен китепкананын фондун такытыруучуга ата-энелерге 1 жылга өз каалоолору менен демөөрчү болуу

5. Окуучулардын арасында жүрүм-турумы начар, тартип бузган окуучулар менен ата-энелер комитетине иш алып баруу жагы чыңдалсын.

6. Жаңы шайланган ата-энелер комитети өз иштерин так аткаруу жагы милдеттендирилсин.

Жыйындын төрайымы [signature] Б.К. Мамырбаева

Катчы [signature] А. Ырысбаева

Майлуу-Суу шаарындагы №8 жалпы билим берүү орто мектебинде 2019-2020 окуу жылында „Жаш өспүрүмдөрдүн арасында укук бузуулардын алдын алуу" боюнча окуучулар, ата-энелер, мугалимдер, шаар жетекчилери менен биргеликте өтүлгөн жыйындын

Протоколу

Майлуу-Суу шаары №8 жалпы билим берүү орто мектеби 31.01.2020ж

Катышкандар:

Окуучулар – 40

Мугалимдер – 10

Ата-энелер - 145.

ШБББнун башкы адиси: Р.Ж.Жамбаева
Соц.окутууну баш адиси: Татикулова Г.
Майлуу-Суу шаар. балдар врач: Култекеева Ж.А
Мектеп медайымы: Долонбаева Б
Ж.К.К.К.бөлүмүнүн башчысы капитан: Ташкараев
ЖОИ ага инспектору Жолборсов Б.Ж.

Күн тартибинде:

1а) Окуу тарбия процессинде окуучулардын билим сапаты, өздөштүрүү ж-до отчёт баяндамачы: Аччынбаева Н.Н.
б) Тарбия иштери боюнча жүргүзүлгөн иштерден отчёт баяндамачы Калмырзаева Л.Н.
II „Аскетик фонд" отчёт.
III Ден-соолук өмүрдүн булагы.
IV Жолдо жүрүүнүн эрежелерин сактоо
IV Азыркы учурдагы көйгөйлүү маселе „Адам сатуу"
V Ар кандай маселелер

1.а) Угулду: Мектеп мудуру А.К. Мамырбаева Кыргыз Республикасынын президенти Сооронбай Жээнбеков „2020ж - Аймактарды өнүктүрүү, санариптештүү ж/а балдарды колдоо" жылы жөнүндө, баланын укугу жөнүндө конвенцияда Ата-энелер мамлекет м/н биргеликте баланы тарбиялоого жоопттуу, ар бир бала үчүн жашоосу, окуусу, өсүп өнүгүүсүн үчүн ата-эне милдеттүү экендиги түшүндүрүлдү.

Угулду: окуу завучу Н.Н. Аччынбаева Майлуу Суу шаарындагы №8 жалпы билим берүү орто мектебинде окуучуларды окуу тарбиялоо процессинде таанып билүү активдүүлүгүн камтамсыздоо проблемасынын негизинде мектептин максаты ар бир окуучунун табигый мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү прогрессивдүү технологияларды жайылтуу болуп саналат 227 окуучуга билим жа тарбия берүү м/н 14 мугалим үзүрлүү эмгектерин бермүүдө. Чейрек башында окуучулардын саны 236 чейрек ичинде 7 окуучу келип 16 окуучу кетти. Чейрек аягында

227 окуучусу болуп алардын ичинен 117 кыз, 110-уул бала. Мектепте окуган башка улуттагы балдардын саны 17 алардын ичинен 10-окуучу өзбек улутундагылар, 1-окуучу казак улутундагы, 3-окуучу түрк, 2-окуучусу дунган, 1-окуучусу татар улутундагылар. Даярдоо классында „Наристе" мектепке чейинки балдарды даярдоо программасында көрсөтүлгөн пландар боюнча сабактар өтүлүүдө. Чейрек аралыгында окуу күнү 34 күн түзүлдү. Мектепте 11-класс комплект бар. 4 усулдук бирикме иш алып барат. 2019-2020-окуу жылында II чейректин жыйынтыгында 1-11 класстардан окуучулардын саны 209. Даярдоо классынын окуучулардын саны 18 болуп жалпы саны 227-окуучу алектады. Кызы 117; эркеги-110 „Эң жакшы" окугандар 16 „жакшы" окуучулардан 44. 1-4 класстарда билим сапаты -53,4% 5-9 класстарда -31% 10-11 класстарда билим сапаты -23,7% жалпы билим сапаты 35,5%

1.8) Үйлдү: тарбия иштери боюнча уюштуруучу П.Н. Калмырзаева №8 ж.б.б.о.м. 2019-20 окуу жылынан жалпы окуучулардын саны 209 соц. паспорт боюнча жарым жетим 16, аз камсыз үй-бүлө 5, көп балалуу үй-бүлө-15, өгөй ата-эне мн жашаган балдар 8, мигрант үй-бүлө 80, ден соолугу мүмкүнчүлүгү чектелген балдар-4 алар үйдө окуган окуучулар. Жылдык пландын негизинде тарбиялык иштер, класстык сааттар өз убагында өтүлүп, кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча мониторинг жүргүзүлүп турат. Окуучулар мектеп арасында өтүлүүчү ырлар сынактарга активдүү катышып байгелүү орундарга ээ болушат.

1.8. Үйлдү: Жетекчи фондунун торо айымы Н.Н. Айчынбаева №8 ж.б.б.о.м-де 2019-20 окуу жылынын 25-сентябрда ата-энелер чогулушу өтүп, камкордук көрсөтүүчү кеңеш тарабынан түзүлгөн Жетекчи фондуна жетишпеген китептерди толуктоого 1-жылга 200 сомдон, мектептин ма-

терналдык техникалык базасын чыңдоого 1 жылга кесалдан тоцлору чогулуштун №1 токтомунун негизинде бекитилген. Аз камсыз болгон үй-бүлөнүн балдары, жетим, жарым, бир мектепте 2-3 төн жогор санда окуган бир туугандар 50% 100% бошотулган. Китептерди толуктоого 11600с, фонд-5750с жалпы сумма -17350 сом. Китепканага тиркелген -5427с мектептин чарбалык жумуштарына керек тетчү буюмдар -10796с; чет китепчеси -160с, жалпы сумма -16383с Жалпы: 17350 - 16383 = 976 сом.

2) Угулду: Майлуу-Суу шаарындагы балдар врачы Култекова Ж.А азыркы учурдагы жугуштуу (вирус) сасык тумоо, короновирус жөнүндө айтып, сактануунун жолдорун түшүндүрүп, окуучулардын ж/в ата-энелерди суроолоруна жооп берди.

3) Угулду: Андан кийин сөз Майлуу-Суу ШУББнун башкы адиси Р.К. Жамбаеваго берилип, ал өз сөзүндө төмөнкүлөргө токтолду. Мугалим окуу-тарбия процессинин негизги кыймылдаткыч күчү болуу менен окуучу, ата-эне, мектеп үчилтигинин педагогикалык кызматташтыгынын бирдиктүүлүгүн, бүтүндүгүн сактап турат. Баланы сабырдуулукка эстүүлүккө, адептүүлүккө тарбиялоодо мектеп жа ата-эненин тыгыз байланышта болуусу зарыл. Окуучунун ата-эненин, мугалимдин укуктарын айтуу мн, алардын аткаруучу милдеттерине токтолуп баса белгилеп кетти. Окуучулардын жакшы окууга, адептүү болууга чакырат.

4) Угулду: №8 ж.б.б.о.м. баштапкы класстын мугалими Г.А. Ахмадалиева азыркы учурдагы көйгөйлүү маселе дүйнө жүзү боюнча Адам сатуу, бул адамдын абройуна шек келтирген кылмыш жазо кылмыш болуп эсептелинет. К.Р кылмыш кодексинин 124-беренеси боюнча билдирүүлөрдү түшүндүрүлдү. Бул бактылуу күндөр бул окуучулук күндөр. Ар бир окуучу өз милдетин билүү мн өзүнүн алдындагы максат коюп, ошол нерсеге жетүүгө умтулуусу зарыл. Азыр алардын эң

негизги максаты билим берүү. Келечекте өз ордун табуу, жакшы инсан болуусу үчүн ар бир адам бала алдында максат коюп, убакыт учкан куш. Билимдүү, адептүү, тарбиялуу болуусу үчүн ата-эне, мугалим кам көрүп жаткандыгын ар бир бала билүүсү керек.

Майлуу-Суу шаарднк социалдык өнүктүрүү башкармалыгынын башкы адиси

5) Г. Татыкулова төмөнкүлөрдү айтты. Жаштарыбыз интернет булактарынан туура эмес маалымат алышып, кылмыштуулукка болтурбоо, анын алдын алуу боюнча бир гана мектептеги мугалимдер маалымат берип калышпастан, эң негизги ата-эне үйдөн туура тарбия бериши керек. Тарбиянын башаты үй-бүлө. Андыктан үй-бүлөдө болобу, мектепте болобу кандайдыр бир терс көрүнүштөр байкалса кайдыгер калтырбастан ишеним телефондору аркылуу кабар алуудан ар кандай кылмыштуулуктарды болдурбоого же алдын алуу болот.

6) Угулду: М.К.К.К. бөлүмүнүн башчысы милициянын капитаны - Ташкараев Ж.Ж., ЖӨИ ага инспектору - Жолборсов Б. ж/е жаш өспүрүмдөрдүн арасында укук бузууларды алдын алуу боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, жол жүрүү эрежелери айтылып, ар бир ата-эне өз уул-кыздарын көзөмөлдө алуусу белгиленип өттү. Окуучулардын ж/а ата-энелердин суроолоруна жооптор айтылып талкуу жүргүзүлдү. Ар бир ата-эне өз уул-кыздарын мектепке чейинки ж/а мектептен кийинки убакта көзөмөлдөөсү милдеттелди.

Жыйынтыктоо сөзү мектеп директору А.Т. Мамырбаева берилди, ал өз сөзүндө «үй-бүлө тарбиянын башаты». Андыктан баланы тарбиялоодо ата-эненин орду негизги орунда, баланын адептүү болуп чоңоюусуна ата-эне мн катар мугалимдин

берген билимди тарбиясы шарт жүзөгө ашырууга маалым. Тарбия жана билим бир бүтүн процесс. Мектепте балага билим жана тарбияда берилет. Окуучулардын билимдүү, адептүү болууга, үндөө жана дайыма кол-дошуп туулуктан тере көрүнүштөрдөн алыс болууларын белгиледи.

Жогорудагыларды угуп сунуш пикирлер айтылып жыйын токтом кылат.

Токтом:

1. Ар бир окуучу өзүн өзү тарбиялоо жана адептүү, сабырдуу болууга милдеттендирилди.
2. Мектепте окуучулар арасында ар кандай кылмыштуулук эң баштоочукту болдурбоо түшүндүрүү иштерин жүргүзүү соц. педагог. П.Н. Каммырзаевага жана класс жетекчилерге милдеттендирилет.
3. Ар бир ата-эне уул-кыздарын мектепке чейинки жана мектептен кийинки убакта алар дайым көзөмөлгө алуусу милдеттендерилип көрсөтүлөт.

Жыйын төрайымы: А.К. Мамырбаева

Катчы: А.М. Бирюбаева.

Майлуу-Суу шаарындагы №8 жалпы орто билим берүү мектебинде өткөрүлгөн ата-энелер чогулушунун №2 протоколу.

Майлуу-суу шаары
№8 жалпы орто билим берүү мектеп. 02. 12. 2021-жыл.

Катышкандар: 13-мугалим
50-ата-эне.

Күн тартибинде каралуучу маселелер.
1) Окуучулардын арасындагы кылмыштуулуктун алдын алуу.
2) 1-4-класстардын окуучуларына берилүүчү ысык тамак жөнүндө.
3) Ар кандай маселелер.

Угулду:
Күн тартибиндеги биринчи маселе боюнча мектептин директору өз сөзүндө төмөндөгүлөрдү билдирип өттү.
Учурда мектепте мугалимдер окуучуларга билим берип гана тим болбостон алардын жүрүш-турушуна, сабактарга катышуусуна, кечиккендерине катуу көңүл коюлуп жатат.
Анткени жогорку класстын окуучулары сабактардан качып, сабактарды калтырып жатышат. Ошондуктан урматтуу ата-энелер сиздердин жардамыңыздар бул жерде өтө чоң рольду ойнойт. Сиздердин ар бириңиздер өз балдарыңыздарга көзөмөл салып сабактарын текшерип, түнкүсүн көчөгө

көп чыгарбаңыздар. Азыркы учурда мектептер арасындагы балдардын арасында келишпестиктер пайда болуп, ар кандай группировкалар уюштурулуп жатат. Биздин балдар да ошондой жыйындарга катышып укук коргоо органдарынын учетуна катталып калышпасын. Ошону менен бирге спирт ичимдиктеринен, тамеки чегүүдөн, ар кандай баңги заттарды колдонуудан алыс болушсун.

Биз мектепте, сиздер үйдөн көзөмөл болуп биргеликте иш жүргүзүшүбүз ата зарыл. Анткени балдар биздин келечегибиз.

Жарыш сөзгө 1) Искендерова Тынаркан
2) Муминова Фарида
3) Сыманова Апелдер чыгышып жогорудагы айтылган сөздөрдү колдошуп, өз ойлорун айтышып өтүштү. Бардык ата-энелер алардын айткандарына кошулушуп бир добуштан макул болушту.

Жогорудагылар угулуп, сунуш пикирлер айтылып жыйын төмөндөгүдөй токтом кылат.

Токтом.

1) Мугалимдер тарабынан ар бир окуучу-н жүрүш-турушуна көңүл бөлүнүп, көзөмөлдө болуп, тарбиялык сааттар өткөрүлүп, укук коргоо органдары менен ата-энелер менен тыгыз байланыш жүргүзүлсүн.
2) Ар бир ата-эне өз балдарынын жүрүш-турушуна көзөмөл салып, мектептен сырткары убакта алардын жоопкерчиликтери ар бир ата-эненин өздөрүнө жүктөлсүн.

Угулду:

Күн тартибиндеги экинчи маселе боюнча мектептин директору Мамырбаева А. К. угуурда 1-4-класстын окуучуларына үзгүлтүксүз ысык тамак берилип келүүдө. Бирок, ата-энелер тарабынан акчалай каражаттар ай сайын толук жардам бербей, ай сайын токтолбой жатат. Сиздерден өтүнүч балдардын ден-соолугуна кам көрүп, ысык тамакты токтотпостон берип туруу үчүн өз убагында жардам бериңиздер керек.

Жарыш сөзгө ата-энелерден

1) Алымкулов Орозалы

2) Беренбаева Айсулуу

3) Алымкулова Гулчехрахан чыгышып, жогорудагыларды туура деп айтышып, балдардын ден-соолугу үчүн ата-энелерге түшүндүрүү иши жүргүзүлүшүн айтышты. Катышуучулар бир добуштан макулдугун билдиришти. Чогултулган каражат класс жетекчилер көзөмөлгө алышсын.

Жогорудагылар угулуп, сунуш пикирлер айтылып жыйын төмөндөгүдөй токтом кылат.

Токтом.

1) 1-4-класстын окуучуларына ысык тамак берүүдө ашкананын тазалыгына, тамактын даярдалышына мугалимдер тарабынан, ата-энелер тарабынан көзөмөл жүргүзүлүп турулсун.

2) Тамак-ашка колдонуучу азык түлүккө керектелүүчү азык түлүктөр тамакка жооп берерлик, сапаты жагынан жогору продуктулар сатылып алынып турулсун. Көзөмөл мектеп администрациясы тарабынан жүргүзүлүп турулсун.

3) Ата-энелер тарабынан каражаттар ай сайын кечиктестен жыйналып, тапшырылып, көзөмөл жүргүзүү ата-энелер комитеттерине жүктөлсүн. Мугалимдер Б. Кушбакова, Т. Калмырзаева жооптуу болушсун.

Угулду.

Күн тартибиндеги ар кандай маселелер боюнча мектептин тарбиялык иштер боюнча директордун орун басары Бирнобаева Айгерим. төмөндөгүлөрдү баяндады.

Тилекке каршы көпчүлүк окуучулар мектеп формасы менен келишпей, ар кандай формада келишүүдө. Ошондуктан урматтуу ата-энелер балдарыңыздардын сырткы келбетине көз жүргүзүп туруңуздар. Ошондой эле сан эпидемистанциядан окуучулардын тазалыгы текшерилип, кээ бир кыздардан педикулёз катталды. Кыздар, балдардын тазалыгына көз салыңыздар.

Ата-энелер бул сунушту бирдей туура деп кабыл алышып, бир добуштан макул болушту.

Жогорудагылар угулуп, сунуш пикирлер айтылып жыйын төмөндөгүдөй токтом кылат.

Токтом.

1) Мектеп формасы сакталып, ар бир окуучу мектепке мектеп формасы менен келишсин. Көзөмөлгө класс жетекчилер, ата-энелер алышсын.

2) Окуучулардын тазалыгы ата-энелер тарабынан каралып, мугалимдер тарабынан текшерилип турулсун.

Жыйындын төрагасы: Мамырбаева А.Т.

Жыйындын катчысы: Ахмадалиева Г.А.

Майлуу-Суу шаарындагы №8 жалпы билим берүү орто мектебинде 2021-2022-окуу жылында бүтүрүүчү класстардын окуучулары, ата-энелери менен биргеликте өтүлгөн жыйындын

## Протокул №9

Майлуу-Суу шаары
№8 жалпы билим
берүү орто мектеби 22.06.2022-ж.

Катышкандар:
12 ата-эне (11 класс)
21 ата-эне (9 класс)
10 мугалим
12 окуучу (11-класс)
23 окуучу (9 класс)

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. Мектепте бүтүрүүчүлөргө мамлекеттик үлгүдөгү билим жөнүндө документтерди тапшырууга арналган салтанаттуу иш-чараларды өткөрүү жөнүндө.
2. Ар кандай маселелер.

1.1. Угулду. №8 жалпы билим берүү орто мектебинин директору А.К. Мамырбаева 2021-2022-окуу жылында Жалпы орто билим туралуу аттестаттарды жана негизги

жалпы билим туралуу күбөлүктү
тапшыруу салтанаттуу иш-чарасын
өткөрүү жөнүндө Кыргыз Республикасы-
нын Билим берүү жана илим минис-
трлигинин 2022-жылдын 21-июнун-
дагы №1236-1 буйругу, Майлуу-Суу
шаардык билим берүү бөлүмүнүн
2022-жылдын 22-июнундагы №47 буйругу
менен тааныштырып өттү. 9-класс-
тын окуучуларына 2022-жылдын 5-июлун-
да, 11-класстын бүтүрүүчүлөрүнө
2022-жылдын 7-июлунда 9-00 доку-
менттери колуна берилет. Салта-
наттуу иш-чаралардан кийин ар
бир ата-эне өз уул кыздарын көзө-
мөлгө алуусу зарыл. Бүтүрүүчүлөр-
дөн мыйзамсыз түрдө акча жана
башка чогултууларды жыйноого,
бүтүрүүчүлөрдүн жана ата-энелер-
дин катышуусу менен оюн-зоок
жайларында, кафе-ресторандарда
жана табиятта иш-чараларды
уюштурууга тыюу салынган.
Мектепте болобу кандайдыр бир
терс корупциялар байкалса, кайдыгер
калтырбастан ишеним телефондору
аркылуу кабар кылуудан ар кандай
кылмыштуулуктарды болтурбоого
же алдын алууга болот.

1.2. Угулду. Биринчи маселе боюнча
11-класстын бүтүрүүчүлөрүнүн ата-
энелеринин атынан Сариева Акдана

чыгып, мугалимдер жамаатына терең ыраазычылык билдирүү менен документ тапшыруу салтанаттуу иш чарадан кийинки мезгилде эч кандай топтолуп отуруу уюштурбайбыз, балдарыбыздын өзүбүз көзөмөлгө алуу менен жоопкерчиликти өз мойнубузга алабыз. Ата-энелер бааны колдоштуу. Жогорудагылар угулуп, сунуш пикирлер айтылып, жыйынтык токтом кылат.

Токтом:

1. Салтанаттуу иш чараны өткөрүүгө мыйзамсыз түрдө акча жана башка чогултууга, белек кабыл алууга, оюн-зоок жайларда, кафе ресторандарда жана табиятта иш чараларды уюштурууга тыюу салынат.

2. Аттестат, күбөлүктөрдү берүү салтанаттарынан кийин ар бир ата-энеге өз уул-кыздарын көзөмөлгө алуу жагы милдеттендирилди.

Мектеп директору: / А.К. Мамырбаева

Катчы: / Т.Н. Калмырзаева

**Майлуу-Суу шаарындагы №8 жалпы билим берүү орто мектебинде 2022- жылдын 25-апрелинде “Жаш өспүрүмдөр арасында топтошуп урушуу, уурулук, суициддин жана зордук зомбулуктун алдын алуу” боюнча №8 жалпы билим берүү орто мектебинин окуучуларынын ата-энелери, мугалимдери Майлуу- Суу шаардык мэрия, шаардык укук коргоо органдары, шаардык билим берүү бөлүмү, шаардык социалдык өнүгүү башкармалыгы менен биргеликте өткөрүлгөн жыйындын**

**Протоколу №6**

25.04.2022-жыл

Майлуу-Суу шаары
№8 жалпы билим берүү орто мектеби

Катышкандар:

Р.Ж.Акамбаева – Майлуу-Суу шаардык билим берүү бөлүмүнүн башкы адиси

Р.К.САдыков - Майлуу-Суу шаардык прокурордун улук тергөөчүсү

Узбекова С.Т - Майлуу-Суу шаардык мэриянын социалдык маселелер боюнча жетектөөчү адис

Ж.Ш.Мамадалиев – Майлуу- Суу шаардык эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыгынын башкы адиси

Р.Ы.Жусмаматов - ШИИБнин башчысынын орун басары, милициянын майору

Эркинбеков А. ажы - Майлуу- Суу шаардык мечиттин имамы

Ташкараев К.К. - Майлуу-Суу шаардык жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо бөлүмүнүн башчысы милициянын капитаны

Ата- энелер – 90

Мугалимдер – 12

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. Жаш өспүрүмдөр арасында топтошуп урушуу, уурулук, суициддин жана зордук зомбулуктун алдын алуу жөнүндө
2. Ар кандай маселелер

Угулду: Майлуу-Суу шаарындагы №8 жалпы билим берүү орто мектебинин соц.педагогу П.Ы.Калмырзаева зордук зомбулук бирөөнүн үстүнөн башка бирөөлөрдүн үстөмдүк жүргүзүүсүнөн пайда болгон теңсиздик идеалистик теориясы. Ата-эне бул жашоонун булагы. Бала бул ата-эненин шамчырагы. Турмуштун башаты үй-бүлөдөн башталат. Адам жашоосунун кандай болушун эч бири билбейт жана алдын ала айта албайт. Зордук зомбулук бул үй-бүлөдөгү тарбиядан башталат. Зордук –зомбулук ар тараптан болот. Зомбулук балдардын тагдырына балта чабат. Алардын жашоосуна жана саламаттыгына терс таасирин тийгизгенден тышкар, зомбулук балдардын эмоционалдык абалына жана келечегине да чоң коркунуч жаратат. Зомбулук муундан муунга өтүшү мүмкүн. Себеби зомбулукту көргөн балдар муну кадыресе көрүнүш катары кабылдашы мүмкүн. Кыргызстанда балдарга карата катаал мамиле жана зомбулук кеңири жайылган көрүнүш түздөн-түз балдар укуктарын бузууда. Кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча класстык сааттар өтүлүп, түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп турат. Ата- энелер менен класс жетекчилер тыгыз байланышта иш алып барышууда.

Угулду: Күн тартибинде каралуучу биринчи маселе боюнча Майлуу-Суу шаардык билим берүү бөлүмүнүн башкы адиси Р.Ж. Акамбаева төмөндөгүдөй билдирүү жасады. Кылмыштуулуктун алдын алуу боюнча шаарыбызда жаштар арасында туура эмес иштер жүрүп жаткан абалды күчөп кетпөөсү үчүн коомчулук өкүлдөрү, ата-энелер, мугалимдер менен жолугушуу өткөрүлдө ар бирибиз өз уул кыздарыбызды көзөмөлгө алалы. Окуучуларды сабырдуулукка, эрктүүлүккө, адептүүлүккө тарбиялоодо мектеп жана ата-эне тыгыз байланышта болуусу зарыл. Окуучунун, ата- эненин, мугалимдин укуктарын айтуу менен, алардын аткаруучу милдеттерине токтолуп баса белгилеп кетти.

Угулду: Майлуу-Суу шаардык прокурордун улук тергөөчүсү Сыдыков Р.К. төмөндөгүдөй билдирүү жасады. КРнын Жарандык Кодекси 2019-жылдын 1-январындагы жаңы кодекс, жаңы мыйзамдардын колдонуу тартиби жөнүндө түшүндүрдү. Үй-бүлө кодексиндеги ата-эненин, балдардын укуктары, милдеттери боюнча айтуу менен баланын укуктары жөнүндө конвенциясына токтолуп кетти. Бул мыйзамдардын өзгөчөлүгү зарылдыгы тууралуу кеңири баяндама жасап, айрым кодекстер жөнүндө айтып берди.
“ Кылмыш жана жаза кодекси”, “Жазык процессуалдык кодекс”, “Жазык аткаруу кодекси”
“ Жоруктар кодекси”, “Бузуулар кодекси”
Жаш өспүрүмдөр арасында укук бузууларда жаңы кодекстерде айып пулдар көбөйгөнүн, айрым кылмыштарга жазанын жеңилдиги жөнүндө түшүндүрүлдү.
Кылмыш жана жоруктардын бирдиктүү реестери (КЖБР) түзүлгөнү айтылды.

Угулду: Майлуу-Суу шаардык мэриянын социалдык маселелер боюнча жетектөөчү адиси С.Т. Узбекова чыгып балага ата-эне дайым көнүл буруп туруусу зарыл. Кээ бир үй-бүлөдө ата-эне өзүнүн ишинен колу бошобой баласына сабакка бардыңбы, келдиңби, тамактандыңбы деген сөздөрдү айтып кээде баласына көңүл койбой да койот. Үй-бүлөлүк зордук-зомбулукка кабылгандардын 80% аялдар, 18% жаш балдар, 13% картандар,7% эркектер. Окуучулар кээде сабакка барбай иштерге тартылат себеби үй шартында ата-эненин ичкиликке берилгендигинен улам ушул көрүнүштөрдү жашообузда кезиктирип эле жүрөбүз.

Майлуу- Суу шаардык эмгек жана социалдык өнүгүү башкармалыгынын башкы адиси Ж.Ш.Мамадалиев чыгып, төмөнкүлөргө токтолуп кетти. Азыркы учурда көпчүлүк ата-энелер үй-бүлөсүн багуу максатында Россияга жана башка коңшулаш мамлекеттерге иштөөгө кетишип, балдарын чоң ата, чоң энелерине же туугандарына таштап, балдарга көзөмөл аз болуп жатат. Жаш өспүрүмдөрдүн арасында болуп жаткан кылмыштуулукка көбүн эсе ата-энеси кош көңүл мамиле жасаган балдар барып жатышат. Андыктан балдарды мектепте мугалимдер, ал эми мектептен кийин ата- энелер көзөмөлгө алышса жаш өспүрүмдөрдүн арасында кылмыштуулук азаят болчу. Андан кийин көпчүлүгү бала 16 жаштан паспорт колуна алса дагы, ата- эненин жоопкерчилигинде болуп, качан гана 18 жашка толгондо гана өз алдынча жоопкер боло алат.
Угулду: Майлуу-Суу ШИИБнин башчысынын орун басары, милициянын майору Р.Ы.Жусмаматов чыгып, жаш өспүрүмдөр арасында кылмыштуулукту болтурбоого, ата-энелерге баланы кеч көчөдө басып жүрүүлөрүнө тыюу салынгандыгын да белгиледи. Ар бир ата-эне өз уул кыздарын көзөмөлгө алуусу кафе рестрандарга өз алдынча туулган күндөрдү жаратылышка эс алууга чыгууга тыюу салынгандыгын эскертип айтып өттү.

Угулду: Майлуу-Суу шаардык мечинин башкы имамы Эркинбеков Абсатар Ажы Өз сөзүндө диний агымдар көбөйүп кеткендигин, айрыкча Вахабизм, Хизбут- Тахрир, Акрамия, Баптистер жана башка көптөгөн каттоодон өтпөгөн диний агымдар негизинен адам баласынын жашоосуна кереги жок салттар менен ырымдарды, ислам динин

бурмалоо менен жаштарды өз катарларына кошууга катуу аракеттенип жатышат. Башка диндерге катышууга, ар кандай үндөөлөгө берилип кетпөө. Ислам дини жашоонун эрежеси. Адептүү ыймандуу болуу, ата-энесин, окуткан мугалимин сыйлоо улууга урмат, кичинүү сыйлоо өзлөрүн туура алып жүрүүгө үндөдү.

Угулду: Майлуу-Суу шаардык жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо бөлүмүнүн башчысы милициянын капитаны К.К.Ташкараев чыгып, Жаш өспүрүмдөрдүн арасында укук бузуулардын алдын алуу боюнча түшүндүрүү иштери жүрзүлүп, жолдо жүрүү эрежелерин айтып өтүү менен жашы жете элек балдарга авто унаа айдатпоого чакырып кетти..

Жарыш сөзгө: ата-энелерден Осмоналиева Задикан шаардык маданият үйүнүн астында машина менен топтолгон балдар кечкисин кыйкырып, элдердин тынчын бузуп жатканын, эс алып жаткан элдерге тынчтык бербегендигин айтып өттү жана көзөмөлгө алуусун суранды.

Угулду: №8 жалпы билим берүү орто мектебинин директору А.К.Мамырбаева жыйынтыктап, КР нын мыйзамдары милдеттүү болуп саналат жана аларды өлкөнүн ар бир жараны аткарыш керек. Ата- энелер менен мектеп ар дайым кылмыштуулукту алдын алуу боюнча биргеликте иш жүргүзүү керектигин, сабактан кийинки мезгилдерде өз уул-кыздарын көзөмөлгө алуусун эскертүү менен келген конокторго жана ата- энелерге өз ыраазычылыгын билдирди.

Жогорудагылар угулуп, сунуш пикирлер айтылып, жыйын токтом кылат.

**Токтом:**

1. Ата-энелер өз укуктарын жана милдеттендирин билүү менен уул кыздарын көзөмөлгө алуу жана ар кандай кылмыштуулукка жол бербөө жагы милдеттендирилет.

Жыйындын төрайымы: А.К.Мамырбаева

Катчы: А.М.Бирюбаева